| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТОНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын XIV сессиясы

**ТОКТОМ №20**

**«21» июнь, 2023-жыл** **Тоң айылы**

**Мал багуучулардын мал кармоо иштерин ирээтке келтирүү жөнүндө**

Тоң айыл аймагынын жайыт комитетинин төрагасы Б. Акматовдун жайкы мегилде мал багуучулардын көчүп конуу мезгилин жана жаз күз мезгилиндеги малды кароо эрежерелин ирээтке келтирүү боюнча билдирүүсүн угуп Тоң айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. 300 (үч жүз) баштан ашык кой, 30(отуз) баштан ашык бодо мал алган мал багуучулар сырт өрөөнүнө көчүшсүн. Чакан мал багуучулар ортонку жайытка төрлөп жайлашсын.

2. Топоз кармаган жарандар топоздорун сырт өрөөнүндө кармап, (ортонку жайытка калтырылбасын) ортонку жайытка келүүнү жылдын 1-ноябрга карата ашырышсын.

3. Жайлоого көчүү майдын 15не чейин жана жайлоодон көчүп келүү (Толпоз малынан сырткары) октябрь айынын 15нен кийин жана сырт өрөөнүнө көчүп конуу аба ырайына карап жүргүзүлсүн.

4. Бел тилкесиндеги жашоочуларга 10 (он) баш саан уй кармоого уруксаат берилсин, Бел, Көл-Бел, Тогуз-Булак, Жазы-Кечүү, Ашуу-Төр ортонку жайыттарда субай, кароосуз уй, жылкы, малдар калтырылбасын жана милдетүү түрдө сыртка ашырылсын.

5. Жогорудагы талаптар аткарылбаса, баш ийбесе, 20000- 40000 (жыйырма миң сомдон кырк миң) сомго чейин айып пул салынсын. Экинчи ирээт талаптарды аткарбаса жети күндүн ичинде кайрадан айып пул салуу жүргүзүлсүн.

6. Чөп чабынды жана эгин талааларына төрт түлүк мал (уй, жылкы, топоз) кирип майкандаса мал ээлерине айып салуу бодо башына (жылкы, уй, топоз) 1000 (бир миң) сомдон жүргүзүлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Тоң айылдык кеңешине тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Турдуев**

**Жооптуу катчы** **А.Жумашев**